К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ
МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдору

**окуу-методикалык колдонмо**



**Каракол, 2020**

УДК 376
ББК 74.3
Д 33

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кенешинин (29.10.2020-ж.) чечиминин негизинде басууга даярдалды.

**Рецензия жазгандар:** Ж.Баласагын атындагы КУУнин социалдык гуманитардык илимдер факультетинин деканы, психология илимдеринин кандидаты, доцент **Камчыбек уулу Мырзабек**
К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун доценти, педагогика илимдеринин кандидаты **Курманалиева Ч.А.**

Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдору: Ата-энелерге, тарбиячыларга, мугалимдерге арналган окуу-методикалык колдонмо: **Т.А.Байтикова., Ч.Б.Исакова., А.К.Каныбекова., А.А.Мусаева., Н.К.Кумарова.** К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамл. ун-ти. Каракол 2020. 48 б.

ISBN 976-9967-474-628

Окуу-методикалык колдонмо башталгыч класстардын мугалимдерине, ата-энелерге, бала бакчанын тарбиячыларына, социалдык педагогдорго жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштеген адистерге сунушталат. Колдонмодо чыгармачыл жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүгө карата көнүгүүлөр топтому, сунуштамалар, методикалар баланын психикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасири белгиленип, алар сабак учурунда жана сабактан тышкаркы учурда да пайдаланууга болот**.**

ISBN 978-9967-474-62-8

УДК 376
ББК 74.3
Байтикова Т.А., Исакова Ч.Б.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ,
2020.

## Кириш сөз

Жөндөмдүүлүктү ар тараптуу өнүктүрүү, ар бир адамга ишмердүүлүктүн формаларына жана түрдүү кесипке багыт алууга жол ачат. Изилдөөчү В.В.Давыдов белгилегендей: «Чыгармачылык балалык өнүгүүнүн спутниги»- болуп саналат.

Чыгармачыл ишмердүүлүк жекече мүнөзгө ээ, аны калыптандыруу жана өнүктүрүү адамдын активдүүлүгүнөн көз каранды болуп, ал ички дүйнөсүн, умтулуусун, каалоосун чагылдырат. Жаратылыштан берилген уюткулар (задатки) ар бир балада ар башкача, ал нерв системасынын касиеттеринен, эмоционалдык сезимталдуулугунан, темпераментинен, тукум куучулук касиеттерден көз каранды десек болот. Ошону менен бирге балада чыгармачыл жөндөмдү калыптандырып, өнүктүрүүгө курчап турган айлана-чөйрө да чоң таасир этет.

Чыгармачыл ишмердүүлүк процессинде баланын керектөөлөрүнүн негизинде өздүк инсандык баалуулуктары артылып, жекече-социалдык байланыштардын түзүмү активдешип, ички көзөмөлдөө пайда болуу менен ички кыйынчылыктар жана негативдүү кайгырууларды жеңүүгө жардам берет.

Өзгөчө ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жашоосунда чыгармачыл жөндөмдүүлүктү калыптандырып, өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Мисалы, угуусу, көрүүсү начар жана кебинде бузулуулары бар балдар өзүнүн ички эмоционалдык абалын, сезимдерин, билимдерин чыгармачыл жөндөм аркылуу берүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Аяр категориядагы балдардын дээрлик көпчүлүгү тартынчаак, коркок, кыймылы олдоксон, өз күчүнө ишене алышпайт, ошондуктан чыгармачыл ишмердүүлүк жогорудагы абалдан чыгуунун бирден-бир жолу болуп саналат.

Бүгүнкү күндө жалпы билим берүү мектептеринин педагогдору ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын инклюзивдик билим берүү системасына кирүүсүндө, алардын психофизиологиялык өзгөчөлүгү тууралуу маалыматы жетишсиз болуп, окутуп, тарбиялоодо кыйынчылыктарга кабылууда. Натыйжада ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын (алардын ичинен биз кайрыла турган көрүүсү, угуучу начар жана кеби талапка жооп берерлик деңгээлде өнүкпөгөн) өзгөчө керектөөлөрүн четке кагуу коркунучу келип чыгып, алардын мектеп чөйрөсүнө аралашуусу жөн гана формалдуулукту жаратышы мүмкүн. Ошондуктан коомдук муктаждыктан улам биз башталгыч класстын мугалимдери, бала бакчалардын тарбиячылары, социалдык педагогдор, ата-энелер үчүн ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарда чыгармачыл жөндөмдү калыптандырып, өнүктүрүүгө карата методикалык сунуштамаларды жана практикалык көнүгүүлөрдүн топтомун түзүп чыгууга аракет кылдык, бул колдонмо ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ата-энелерине, алар менен иштеген тарбиячы, педагогдордун ишмердүүлүгүндө методикалык жактан жардам берет деген ишенимдебиз.

# І БӨЛҮМ
## Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар – жалпы билим берүү системасында

### І. 1. Аяр категориядагы балдарды окутуп, тарбиялоонун айрым маселелери

Азыркы учурда жалпы билим берүү мектептерине интеграцияланган ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны күндөн күнгө өсүүдө. Анын себеби, ата-энелер балдарын атайын билим берүү мекемелерине берүүгө мүмкүнчүлүктөрү жок, же алыста жайгашкан мектептерге берүүнү каалашпайт. Ошону менен бирге жалпы билим берүү мектептери өнүгүүсүндө кемчилиги бар балдарды кабыл алууга даяр эмес экендиги да практикада кездешүүдө. Аталган категориядагы окуучулар (алардын ичинде угуусу начар, көрүүсү начар, кебинин өнүгүүсүндө бузулуусу бар балдар) мектепке кирген учурда билим берүүнү интеграциялоо процессинде өтө зарыл болгон нормативдик-укуктук жана илимий-методикалык жактан аз камсыздалып келет.

Жалпы билим берүү мектебине угуусу, көрүүсү начар балдарды кабыл алуу ата-эненин кайрылуусу же ПМПКнын (психологиялык, медициналык, педагогикалык комиссия) жыйынтык сунуштамасы менен ишке ашат. Мындай категориядагы балдардын мектепте окуусуна төмөнкү **көрсөткүчтөр** эске алынат:

- ата-энелердин каалоосу жана алардын мектептеги окуу процессине жардам берүүгө даяр экендиги;
- кептин, угуу жана көрүү туюусунун, психофизиологиялык өнүгүүнүн курагына жараша өнүгүү деңгээли, окуу программасын дени сак балдар менен бирге убагында аткаруу аракеттери;
- дени сак курбалдаштарынын арасында окууга болгон психологиялык жактан даярдыгы;
- башка балдар жана педагог менен пикирлешүүдө оң жактуу таасир этүүчү баланын инсандык сапаттары, мисалы: активдүүлүгү, өз алдынчалыгы, демилге көтөрө билүүсү ж.б.

Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар ишмердүүлүктүн ар кайсы түрүндө чектөөлөргө кабылат. Алар өз алдынча эмес, көпчүлүк учурда чоңдордун жардамына муктаж болушат. Алар кеңири чөйрө менен байланышуу, курбалдаштарынан тажрыйба топтоо да дайыма эле жеткиликтүү боло бербейт. Ошондон улам бул балдарда айлана-чөйрөнү үйрөнүүдө эмоционалдык кыйынчылыктар: коркуу, тартынуу, уялчаактык, тынчсыздануу ж.б. кабылышат.

Балалык чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн эң чоң потенциал элдик искусствонун булагы болгон чыгармачыл жана декоративдик

ишмердүүлүктү өнүктүрүү саналат. Ошондуктан башталгыч мектептин мугалимдеринин ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен декоративдик-прикладдык чыгармачылыктын негизинде иштөөсү аларды эстетикалык жактан өнүктүрүүгө багытталат. Чыгармачылыкты ийгиликтүү өздөштүрүү баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнө да таасир этип, башка ишмердүүлүктүн калыптанышын шарттайт. Белгилүү болгондой, айлана-чөйрө, предмет менен таанышуу анын инсандык өнүгүү деңгээлине жана аң сезимине байланыштуу. Баланын бир катар ыкмаларды калыптандыруусу колдун манжаларынын майда моторикасынын өнүктүрүүгө жардам берет. Материалдарды тандоо баланын жеке жана курак өзгөчөлүгүн эске алуу менен тандалат. Чыгармачылык жөндөмдү өнүктүрүүгө ар түрдүү техникалар колдонулат: традициялык (аппликация, кол өнөрчүлүк, ийлеп чаптоо) жана традициялык эмес техникаларга: пластилин менен сүрөт тартуу, свеча, саманды, өсүмдүктөрдүн данын (буудай, таруу, перловка) жана топчуларды колдонуп коллаж жасоо, кинезиологиялык көнүгүүлөргө аппликацияны комбинациялоо менен кесүү аракеттери, жиптер менен токуу, тесьмадан ар кандай нерселерди жасоодо колдун үч манжасы:бармак, сөөмөй жана ортон активдүү катышат.

Педагогдун негизги **максаты:**

- Искусствого гана эмес, бардык эмгек ишмердүүлүгүнө тиешелүү чыгармачыл жөндөмдү калыптандыруу, кызыктуу жана чыгармачыл инсанды тарбиялоо;
- Элдик дидактикалык оюндар аркылуу чыгармачыл жөндөмдү калыптандыруу.

Максатка жетүүгө шарт түзүүчү **тапшырмалар:**

- Көркөм өнөр ишмердүүлүк процессинде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын көркөм-чыгармачыл, жекече жөндөмүн, образдуу ой жүгүртүүсүн, кыялдануусун, фантазиясын, таанууучулук активдүүлүгүн өнүктүрүү;
- Ишти туура жүргүзүүгө зарыл болгон билгичтик, ыкмаларды калыптандыруу;
- Ар кандай көркөм материалдар жана техникалар менен иштөөдө чыгармачыл жөндөмүн өркүндөтүү;
- Баланын прикладдык искусствого кызыгуусун ойготуу;
- Балада адеп-ахлаклык сапаттарын тарбиялоо.

Балдарга көркөм-эстетикалык тарбиялоо **методдорун** колдонуу, аларга:

- диалог методу;
- салыштыруу методу (ой жүгүртүүнү активдештирүү үчүн);
- «ачылыш жасоо» методу (жаңы идеялардын жаралышы);

•педагогикалык чектөө методу (чыгармачылык максаттуу-багыттуу болушу шарт);

•балдардын жашоодон алган тажрыйбаларын колдонуу методу;

•индивидуалдуу жана коллективдүү ишмердүүлүк методу (мүмкүнчүлүккө жараша баланын чыгармачыл активдүүлүгү артылат).

**Иштин формалары:**

•сабакта жекече практикалык ишмердүүлүк;

•топтордо коллективдүү-чыгармачыл ишмердүүлүк;

•ийримдердин ишмердүүлүгү.

Окуучулардын чыгармачыл потенциалын өнүктүрүү максатында аткарылуучу иштердин системасы төмөнкү **принциптерге** таянат:

•психикалык, физикалык бузулуунун структурасын эске алуу принциби;

•ишмердүүлүк принциби;

•ийгиликке жетишүү кырдаалын түзүү принциби;

•материалдын жеткиликтүүлүгү принциби;

•эмоционалдуулук (насыщенность) принциби;

•ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн байланыштыруу принциби;

•социалдык керектөөлөрдү реализациялоо принциби;

•социалдык билгичтик, ыкмаларды калыптанышын шарттоочу кырдаал түзүү принциби.

ДСМЧБга түзүлүүчү шарттар:

•Билим берүү мекемесинин материалдык, ресурстук, психологиялык жактан бул категориядагы балдарды кабыл алып, алардын чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүүгө даяр болуусу, баланын чыгармачылыгын таануу жана өнүктүрүү;

•Баланын жөндөмүн арттырууга карата ишеним сезимин колдоого, ал кыйынчылыктарды бирге жеңүүгө, талантын ачууга карата үй бүлөнүн ийкемдүү позициясы, алардын мектеп менен өз ара байланышуунун заманбап методдору;

•Баланы психологиялык-педагогикалык коштоо, мында балада оң жактуу өзүнө болгон мамилеси, өзүн-өзү сыйлоосу, ишенүүсү, эрки, оптимисттик көз карашы калыптануусу зарыл;

•Бул категориядагы балдар үчүн атайын сабактан тышкаркы иштердин ийкемдүү графиги түзүлүүсү ж.б.

**Кол эмгек сабагында дидактикалык материалдарды колдонууга карата талаптар:**

•Практикалык материалдарды балдардын психофизиологиялык өнүгүүсүнө жараша тандоо, тапшырманы жекелеш- тирүү;

•Оюндарды, тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү материалды бышыктоо

жана жаңы тапшырмаларды чечүү максатында колдонуу;

•Оң жактуу эмоционалдык чөйрө түзүү;

•Көргөзмө каражаттарды сөз менен бекемдөө;

•Көрсөтүлүүчү (демонстрация) материалдарды жана практикалык ишмердүүлүктүн бир нече түрүн сунуштоо.

**ДСМЧБ ийгиликтүү өнүгүүсү үчүн:**

•Баланын психоневрологиялык, соматикалык ден соолугун бекемдөө жана сактоо: психофизикалык, эмоционалдык оордуктун, жаракаттын алдын алуу максатында дене тарбиялык көнүгүүлөрдү жасоо, таза абада сейилдөө, жагымдуу психологиялык климат түзүү;

•Окуу-тарбиялоо процессинде сабактар, жеке жана топ менен иштөөдө, класстык сааттарда, майрамдарда, экскурсияда коррекциялоо багытын ишке ашыруу.

**Коррекциялык иштердин негизги багыты:**

•Сенсомотордук өнүгүүнү жана кыймылдарды өнүктүрүү: колдун манжаларынын кыймылын өнүктүрүү, каллиграфияны өнүктүрүү, артикуляциялык моториканы өнүктүрүү;

•Психикалык ишмердүүлүктүн башка бөлүгүн коррекциялоо: көрүп кабылдоону өнүктүрүү, көрүп эске тутууну, кунт коюуну өнүктүрүү, предметтердин касиеттери жөнүндө жалпылаштырылган элестөөлөрдү калыптандыруу (өң, форма, көлөмү), чөйрөгө карата ориентациясын калыптандыруу, убакытка болгон элестөөлөрүн калыптандыруу, угуп кабыл алуусун өнүктүрүү, үнгө анализди калыптандыруу, фонетико-фонематикалык элестөөлөрүн өнүктүрүү;

•Ой жүгүртүү операцияларынын негизгилерин өнүктүрүү: анализдөөгө дал келүүчү ыкмаларды, топтоштуруу жана классификациялоо ыкмалары, сөздүк жана жазуу түшүндүрмөлөрү (инструкция), алгоритм менен иштей алуу жөндөмү, ишмердүүлүктү пландай алуусу, ар тараптуу (комбинатордук) жөндөмдү өнүктүрүү;

•Ой жүгүртүүнүн түрлөрүн өнүктүрүү: көргөзмөлүү-образдуу, сөздүк-логикалык (предметтер, кубулуштар, окуялар арасындагы логикалык байланыштарды көрө билүү) ой жүгүртүү;

•Эмоционалдык-инсандык өнүгүүнүн бузулуусун коррекциялоо (мимика үчүн релаксациялык көнүгүүлөр, драматизация, ролдорго бөлүштүрүү менен окуу ж.б);

•Балдардын кептик техникаларга ээ болуу жана анын жардамы менен ондоо;

•Айлана-чөйрө жөнүндө элестөөлөрдү кеңейтүү жана сөз байлыкты өстүрүү.

Окуу-тарбиялоо процессинде балдарды психологиялык жактан

өнүктүрүүдө жагымдуу психологиялык чөйрө түзүү өтө маанилүү, ал мугалим менен баланын ортосундагы сый-урмат, ишеним сезим, психотравмалык кырдалды алдын алуу аракеттери менен шартталат. К.Д.Ушинский педагогиканы дарыгердин искусствосу менен салыштырып, педагогдун инсаны күн тартибин уюштурууга, окуу жүгүн аткарууга караганда чоң мааниге ээ экендигин баса белгилеген.

Мугалимдин адекваттуу ички позициясы, жылмаюунун искусствосу, жагымдуу маанайы, үндүн тону, көз караш менен баланы мактоосу, башка бала менен салыштыруу жана буйрук берүү формаларынан баш тартуусу ж.б. ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн эң маанилүү психогигиеналык иш-аракет болуп саналат.

## I. 2. Көрүүсү начар балдарга жалпы түшүнүк жана алар менен иштөөнүн жолдору

Көрүүсү начар балдар сенсордук эталону жабыркагандыктан айлана-чөйрөнүн ар тарабын талапка жооп берерлик деңгээлде кабылдай алышпайт. Айрым балдарда мектеп жашына чейинки жана кенже мектеп курактагы балдардын көрүү функциясынын начарлашынан улам көптөгөн бузулуулар пайда болуп, балдардын таануучулук процесстеринен кабылдоосу, элестетүүсү, кыймылынын координациясында, темпинде жана колдун майда моторикасында өзгөрүү жүрүп, социалдык тажрыйбаларга ээ болуусу чектелет. Көзү чалыр балдар жана монокулярдык мүнөздөн улам көрүүнүн начарлашы (амблиопия) жарыкты көрүүдө бир катар кыйынчылыктарды жаратып, өңдөрдү, алардын дааналыгын, жарыктыгын айырмалоодо кыйынчылыктар туулат.

Көрүүсү начар мектепке чейинки курактагы балдарда чыгармачыл ишмердүүлүккө болгон керектөөсүн жана жөндөмүн өнүктүрүү процессинде алардын көз караштарын, пикирлерин (впечатление) чогултуу маанилүү. Бул категориядагы балдар менен иштөөдө ар бир баланын көрүүсүнүн кайталануучу аномалияны пайда кылуучу учурду эске алуу керек. Бул ар бир балага жекече мамилени талап кылат (иштеп жаткан жердин жарык менен камсыздалышы, көрүүгө болгон оордуктун ченеми (дозировка), көрүүнүн мүнөзүнө жана курчтугуна жараша көрсөтмө куралдарды туура даярдоо, өтө зарыл болгон дарылоо-калыпка келтирүүчү, оңдоо-педагогикалык ченемдерди колдонуунун спецификасы). Бул учурда дүйнөнү таануу, максаттуу-багыттуу коррекциялык иштерди ишке ашыруу, баланын өз мүмкүнчүлүгүн, жөндөмүн көрсөтүүнү каалоо сезимин ойготуу максатында уюштурулган оюн ишмердүүлүгү өтө чоң жардам берет. Көрүүсү начар балдар үчүн оюн айлана-чөйрө жөнүндөгү

билимдеринин чагылдырылышы болуп саналат. Бул билимдер жана элестөөлөр операциялык жана кыймыл-аракет ыкмаларынын системасына таянат. Эгерде биз өз оюбузду таңуулабастан баланын кызыкчылыгын эске алуу менен оюндардын ар кандай түрлөрүн эркин уюштурсак, анда ар бир бала чыгармачыл жөндөмүн чөйрөгө көрсөтүүгө аракет кылат. Өзгөчө баланын өздүк интеллекттин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуучу интеллектуалдык-чыгармачыл оюндардын ролу чоң экендигин белгилөөгө болот. Оюн балада жооп реакцияны – активдүүлүктү, өзүн-өзү жана предметтик чөйрөнү жаратууну калыптандырып, кубаныч тартуулап, чыгармачыл функцияларды аткарууда өтө зарыл муктаждыктарды канааттандырууга багытталат.

Оюндун жүрүшүндө көрүп кабыл алуунун бардык элементтери өнүгөт, жакындан жана алыстан көрүү аракеттери, кыймылдаган предметтерге байкоо жүргүзүү, нерсенин формасын, өңүн жана көлөмүн айырмалоо, сүрөттөрдү кароодо айлана-чөйрөгө ориентир алат.

Тапшырманын схемасы боюнча айланадан предметти издөө оюнунда бала конкреттүү бир бөлмөнү элестетүүсү, анын маанилүүлүгүн түшүнүп, ошону менен бирге чыгармачыл ишмердүүлүккө жана кыялданууга карата туруктуу кызыгуу пайда болот. Мисалы, төмөнкү оюндар: «Ал жакка бар, мен кайда экенин билбейм, нерсени тап, ал эмне экенин билбейм?», «Эмне өзгөрүлгөн?», «Кайсы оюнчук бөлмөдө жок?», «Оюнчукту модели боюнча тап», «Стрелка боюнча саякат», «Көңүлдүү бала», «Эмне? Кайда? Качан?» ж.б. Балдар бул оюндарды ойноодо алган билимдерин, билгичтиктерин сүрөттүн схемасын, моделин тартууда, ой жүгүртүүсүн жана фантазиясын активдештирүүдө колдоно алышат.

Коррекциялык-педагогикалык билим берүү процессин уюштуруунун негизги принциптери:

•баланын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

•ПМПКнын комлекстүү мамилеси, диагностикалоо;

•баланын өздөштүрүү темпине жараша окуу программасынын жана окуу планынын адаптациясы, окуу мөөнөтүн узартуу, окуу материалын бөлүштүрүү;

•Көрүүнүн абалына карата балага дифференциацияланган мамиле жасоо;

•Жалпы билим берүү даярдосунда стандартты камсыздоо;

•социалдык-тиричилик адаптация жана өзүн-өзү реализациялоо боюнча системалуу иштерди жүргүзүү;

•офтальмологиялык шарттарды түзүү;

•балдарды медициналык-психологиялык реабилитациялоо иштери үчүн оптималдуу шарттарды камсыздоо;

•балага жекече мамиле жасоо, т.а., көрүүнүн патологиялык деңгээлин

эске алуу менен көрсөтмө куралдарды жана материалдарды даярдоо;

•оюндар жана көнүгүүлөр баланын курак өзгөчөлүгүнө жана диагнозуна туура келиши шарт;

•ар бир баланын өнүгүүсүнө жагымдуу шарт түзүлүүсү керек.

**I. 3. Угуусу начар балдарга жалпы түшүнүк жана алар менен иштөөнүн жолдору**

Мектеп жашына чейинки курактагы жана кенже мектеп курактагы балдарды психологиялык жактан өнүгүүсүн мүнөздөөдө баланын угуусу начар болсо сөзсүз түрдө психикалык өнүгүүгө терс таасирин тийгизет. Татаал структуралык өнүгүүгө ээ балдардын кептик өнүгүүнүн интенсивдүүлүгү да кечеңдеп, бузулууга дуушар болот. Ошону менен катар мектеп жашына чейинки куракта баланын психикалык өнүгүүсүнө балалык ишмердүүлүктүн ар кандай түрү болгон: оюн, көркөм өнөр, конструкциялоо, эмгектин элементардуу бөлүгү чоң таасир тийгизет.

Таанууччулук кызыгууларды нөнүгүшү, предметтик ишмердүүлүктүн курулушу, оюндун калыптанышы угуусу начар балдардын сенсордук өнүгүүсүн шарттайт. Баланын сенсордук өнүгүүсүнүн деңгээли кабылдоо ыкмаларын өркүндөтөт. Сенсордук өнүгүүдө баланын оюн жана предметтик ишмердүүлүккө ээ болуусу маанилүү роль ойнойт.

Мектеп жашына чейинки курактагы угуусу начар балдардын дени сак балдарга салыштырмалуу образдарды элестетүүсү даана эмес бүдөмүк болот да, ал сөз менен коштолбойт. Баланын аң сезиминде предметтердин бүтүн образы ар кандай сүрөттөрдүн кесиндилерин бириктирүүдө, лото-тизмектердин жардамында акырындык менен калыптанат. Ошондой эле нерселердин касиеттерин бөлүп көрсөтүүдө, бири-бирине болгон байланышын аныктоодо угуусу начар балдарда кыйынчылыктар кездешет.

Мектеп жашына чейинки курактагы угуусу начар балдардын оюноо өзгөчөлүгү кабыл алуунун жана ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн артта калуусу, кыялдануунун төмөн деңгээли менен байланыштуу болуп, баланын айлана-чөйрөнү кабыл алуусуна тоскоолдук жаратат. Кептик өнүгүүнүн кечеңдеши да сюжеттик-ролдук оюнду уюштурууга да терс таасирин тийгизет.

Угуусу начар балдар мектепке барганда сөзсүз кыйынчылыктарга кабылат, ал мектеп жашоосунун биринчиден, окуу программасын өздөштүрүү жана экинчиден, кулагы жакшы уккан балдар менен пикирлешүү чөйрөлөрүнө байланыштуу болот.

Мамлекеттик билим берүү стандартынын жана базалык окуу планынын негизинде мектептерде угуусу начар балдарды окутуу үчүн

индивидуалдуу окуу планы жана ар бир окуу предмети боюнча жумушчу программасы иштелип чыгат.

Окуу планындагы өнүктүрүүчү жана коррекциялоочу сабактардын сааты окуу планынын ичинен бөлүнөт, же интеллектуалдык-таанууучулукка багытталган кошумча билим берүү программасын реализациялоодо атайын саат бөлүнөт.

Эгерде жалпы билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү нормага дал келбесе, анда бул балдар үчүн өзүнчө журнал ачылып, программадагы материалдарды өтүү катталат.

**Угуусу начар балдарды көркөм-эстетикалык жактан тарбиялоодо коррекциялык-өнүктүрүүчү тапшырмалар:**

1. Көркөм ишмердүүлүккө, анын жүрүшүнө, жыйынтыгына карата балдардын оң эмоциясын өнүктүрүү, предметтерди атоо менен алардын кебин калыптандыруу;
2. Жаратылыш дүйнөсүн, искусстволук чыгармалардын маанисин түшүнүү жана кабыл алуусун өнүктүрүү;
3. Айлана-чөйрөгө карата эстетикалык мамилесин калыптандыруу;
4. Көркөм адабиятты, фольклорду (элдик оозеки чыгармачылыкты) кабыл алуу;
5. Каармандар менен бирге кайгырууну стимулдаштыруу;
6. Балдардын өз алдынча көркөм чыгармачылык (ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу), конструктивдик (моделдик, музыкалык) иш-аракеттерин реализациялоо;
7. Оюндарды ойнотууда чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү (оюндардын бир нече түрүн ойлоп табуу, кыймылдарды комбинациялоо).

## I. 4. Кептик бузулуу жана кебинде бузуулары бар балдар менен иштөө жолдору

Заманбап логопедиянын негизги принциптеринин бири боюнча, балдардын сүйлөө кебиндеги кемчиликтерин мектеп жашына чейинки куракта оңдоо зарыл болуп саналат. Өз учурунда оңдолбогон баланын кебиндеги аномалиялар, мектептеги окууда жетишсиздигине алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, мектеп жашына чейнки курактагы кептеги болгон кемчиликтерди оңдоо атайын педагогиканын (логопедия) өзгөчө маанилүү проблемасы болуп саналат. Практика көрсөткөндөй, мектеп жашына чейинки курактагы кептик бузулуулар жеңилирээк жана тезирээк оңдолот, бул өз учурунда баланын толук кандуу психикалык жана кептик өнүгүсүнө шарт түзөт.

Сүйлөө кеби жакшы өнүккөн балдар мектеп жашына чейинки куракта мектептеги окууда зарыл болгон сөз байлыкты жана тилдин

грамматикалык формаларын өздөштүрүшөт, сөздөрдүн тыбыштык жана морфологиялык анализин өздөштүрүүгө даярданышат. Бирок кебинде ар кандай формадагы патологиялары бар балдарда аталган процесстер кечеңдейт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, логопад-балдарда тыбыштык анализге болгон даярдыгы, жакшы сүйлөгөн балдарга салыштырмалуу, эки эсе төмөнүрөөк болот. Ошондуктан сүйлөө кебинде бузулуулары бар балдар жалпы мектеп шарттарында окуу жана жазуу процесстерин толук кандуу өздөштүрүүгө жөндөмсүз болушуп, ал бузулуулар окуу дисциплиналарды өздөштүрүүгө да тосколдук кылат.

Демек, сүйлөө кебиндеги өнүгүүдө ар кандай кемчиликтери бар балдарды өз учурунда аныктоо, кемчиликтерди коррекциялоо менен алардын психикалык өнүгүшүн жалпы курактык нормага чейин теңдөө өзгөчө мааниге ээ.

Белгилүү болгондой, экспрессивдүү кептик процессте, ошондой эле кептик тыбыштарды айтуудагы артикуляциялык аппараттын органдарынын кыймылынан туюулар пайда болот. Бул кинестетикалык дүүлүгүчтөрдүн пайда болгон импульстар баш мээнин кыртышыны барышат. И.П.Павлов кинестетикалык туюулардын экинчи сигналдык системаны калыптандырууда чоң роль ойноорун белгилеп, аларды «базалдык компонент» деп атаган. Фонематикалык кабыл алуунун калыптанышында негизги ролду кинестетикалык дүүлүгүүлөр ойнойт. Тыбыштарды туура эмес айтууда толук кандуу «базалдык компонент» жокко эсе болот, андан улам фонематикалык кабыл алуунун толук кандуу өнүгүшү жабыркайт.

Фонематикалык кабыл алуунун бузулушунда бала артикуляциясы окшош, же угулушу боюнча окшош тыбыштарды угуу аркылуу кабыл ала албайт (дифференциациялай албайт). Натыйжада, айырмалоо татаал болгон тыбыштары бар сөздөрдү бала кабыл албайт жана өздөштүрө албайт. Кийинчээрек, бала өзүнүн сөздүк байлыгынын көлөмү боюнча курактык нормадан бир кыйла артта калат.

Аталган себептин негизинде балада кептин грамматикалык түзүлүшү керектүү деңгээлде калыптанбайт. Кептин  жалпы өнүкпөгөндүгүн  өз учурунда оңдобосо,окуу жана жазуу процесстерин бузулушуна алып келет.

Тыбыштарды айтуудагы кемчиликтерди аныктоо жана оңдоо беш жаштан кечикпей баштоо зарылдыгы бар.

Кичинекей бала кептеги тыбыштардын баарын туура айта албайт, анткени анын кептик аппараты жетиле элек жана тийиштүү деңгээлде өнүкпөйт. 4-5 жаштагы балдардын тыбыштарды айтуудагы кемчиликтери нормалдуу кубулуш жана курактык же физиологиялык дислалия деп аталса, 4-5 жаштан кийин гана тыбыштарды айтуунун бузулуусу патология болуп саналат.

Артикуляциянын негизги органы болуп тил эсептелет. Сүйлөө органдары тилдин, эриндердин кыймылдарында, ар кандай жылчыкчыларды кошулууларды пайда кылат бул артикуляциянын негизин түзөт.

Бузулган тыбыштардын саны боюнча дислалия (грек. тил. dis - бузулуу, lalia – кеп, кептеги бир же бир нече тыбыштарды айтуудагы туруктуу кемчиликтер) татаал жана жөнөкөй болуп бөлүнөт, эгерде айтуу процессинде төрткө чейин дефекттүү тыбыштар болсо анда жөнөкөй дислалия деп диагностикаланат, эгерде беш же андан көп болсо-татаал дислалия деп диагностикаланат.

Дефектине карата дислалиянын төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

1. Сигматизм («сигма» грек тамганын аталышынан п.б.), ышкыртма («с», «с'», «з», «з'», «ц») жана шуулдама («ш», «ж», «ч», «щ») тыбыштарды айтуудагы кемчиликтерди белгилейт. Аталган бузулуулар эң кеңири таралган бузулуулар болуп саналат.
2. Ротацизм («ро» грек тамгасынын аталышынан п.б.) «р», «р'» тыбыштардын кемчиликтерин билдирет.
3. Ламбдацизм («ламда» грек тамганын аталышынан п.б.) «л», «л'» тыбыштарды айтуудагы кемчиликтерди билдирет.
4. Таңдайдык тыбыштарды айтуудагы дефекттер: каппацизмдер – «к», «к'» тыбыштардын кемчиликтери, гаммацизмдер- «г», «г'», хитизм, ийотацизм.
5. Үндүү тыбыштарды айтуудагы кемчиликтер алар үндүү-үнсүз түгөйлөрдү айтууда байкалат «п»-«б», «т»-«д», «ф»-«в», «с»-«з», «ж»-«ш», «к»-«г». Бул кемчиликтер начар угуунун кесепетинен пайда болушу мүмкүн.
6. Жумшартуу дефекттери, жумшак үнсүз тыбыштарды айтууда байкалат, көбүнчө аларды каткалаң түгөйлөрү менен алмаштырылат (мисалы: «д'» ордуна «д», «п'»-«п», «к'»-«к»). «ш», «ж», «ц», - жумшак түгөйлөрү жок, «ч», «щ», «й» – каткалаң түгөйлөрү жок.

Дислалиянын эң кеңири таралган себептеринин бири болуп артикуляциялык аппаратынын туура эмес түзүлүшү болуп эсептелет. Бул тилдин астындагы тилченин кыска болушу, бул учурда тилдин кыймылы кыска чектелген болот, анткени тилдин астындагы тилченин кыскалыгы тилдин кыймылына тоскоолдук кылат. Мындан тышкары, дислалия өтө чоң, оозго батпаган, же, тескери, өтө кичинекей, ичке тил да артикуляцияны татаалдатат, үстүнкү жана астынкы жаактардын түзүлүшүндөгү дефекттер, прикустун аномалиясы (нормалдуу прикус болуп, оозду жапканда үстүнкү тиштер астынкыларды 1/3 астынкы тиштерди жапканда эсептелет).

Дислалиянын себептерине артикуляциялык аппараттын бөлүктөрүнүн (тил, эрин, астынкы жаак) жетишсиз кыймылдуулугу да кирет.

Мындан тышкары дислалияга баланын тилди туура позицияда кармоого болгон жөндөмсүздүгү, же тилдин бир кыймыл аракетинен экинчи кыймыл аракетке өтүүдөгү кыйынчылыктар алып келиши мүмкүн.

Үй бүлөдо баланын кебин туура эмес тарбиялоо дислалиянын дагы бир себеби болушу мүмкүн. Чоңдор баланын тилин туурашып, бала менен чулдурап сүйлөгөндө тыбыштарды туура кабыл алуу жана айтуу процестеринин калыптанышы бузулат.

Дислалия тууро аркылуу да пайда болушу мүмкүн. Баланын кебинин өнүгүшүнө өзүнөн кичүү, тыбыштарды туура айтуу процесси калыптана элек балдар менен такай пикир алышуусу терс таасир этет. Бала чоң адамдардын туура эмес айтуусун тууращы мүмкүн. Өтө зыяндуу болуп сүйлөө речи так эмес, өтө тез, же башка бузулуулары бар адамдар менен пикир алышуусу эсептелет. Кептин өнүгүшүнө курчап турган чөйрөдөгү адамдардын эки же андан көп тилдерде сүйлөшүсү таасир этиши мүмкүн.

Дислалиянын себеби болуп педагогикалык жактан жетишсиздик да эсептелет. Эгерде чоңдор баланын туура айтуусуна көнул бурушпаса, кебиндеги каталарды оңдошбосо, өзүлөрү тыбыштарды туура, так айтышпаса, баланын көнүлүн тигил же бул тыбыштын туура айтуусуна бурушпаса, баланын кеби чоңдор тарабынан тийиштүү коррекцияга алынбаса бул баланын кебинин нормалдуу өнүгүсүнө таасир этет.

Баланын тыбыштарды айтуусунун дефекттеринин пайда болушуна фонематикалык угуунун жетишсиздиги таасир этет. Бул учурда балада ичке акустикалык белгилери менен айырмаланган тыбыштардын дифференциацияланышынын таталдыгы байкалат. Мисалы үндүү жана үнсүз, жумшак-каткалаң, ышкыртма жана шуулдама. Натыйжада баланын тыбыштарды туура айтуу процесстин калыптанышы кечендейт.

Дислалия угуунун төмөндошү менен да шартталат. Дислалиянын 10% угуунун төмөндөшүнүн негизнде пайда болот.

Демек, мектеп жашына чейинки курактагы балдардын кебиндеги дислалиянын себептери ар кандай болушу мүмкүн. Бул себептерди билүү, эрте диагностикалоо жана кептик бузулуулады аныктоо жана оңдоо, балдардын башталгыч мектептеги ийгиликтүү окуусунун негизги шарты болуп эсептелет.

## II. ПРАКТИКАЛЫК БӨЛҮМ

### II. 1. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу

### Колдун манжаларынын майда моторикасын өнүктүрүү методикалары

**Даярдоо көнүгүүлөрү**

Балдардын гармониялуу өнүгүүсү үчүн колдун манжаларын көнүктүрүүчү көнүгүүлөрдүн түрүн колдонуу зарылдыгы бар, алар баш мээнин ишмердүүлүгүн активдештирүүчү эң сонун каражат болуп саналат. Интеллектуалдык өнүгүүнү стимулдаштыруу үчүн кинезиологиялык көнүгүүлөрдү колдонууга болот. О.И.Коваленконун, Т.А.Воробьевдун, О.И.Крупенчуктун иштери кептин өнүгүшүн жана манчалардын иш-аракети борбордук нерв системасыныны ишмердүүлүгүн манипуляциялоого таасир этерин далилдеди. Өнүктүрүүчү кыймыл-аракеттер ой жүгүртүүгө багытталышы керек. Кинезиологиялык методдор акыл ишмердүүлүгүн гана өнүктүрбөстөн баланын физикалык ден соолугун да чыңдап, алар баш мээнин жарты шарларынын айрым бөлүктөрүн активдештирип, психиканын ар кайсы областындага проблемаларды коррекциялайт. Аталган методдорду колдонууда баланын эс тутуму, кунт коюусу, сүйлөө кеби жакшырат, чөйрөгө, майжа жана чоң моторикага болгон ориентири турукташат, көңүлүнүн чөгүүсү азайып, өзүн көзөмөлдөөгө болгон жөндөм жогорулайт. Кинезиологиялык программанын алкагында сабактардын системалуу өтүлүшү баланын сүйлөө кебинде дисклексияны жоюп, баш мээнин жарым шарларынын ортосунда байланыш өнүгөт.

Коррекциялык-өнүктүрүүчү иштер төмөнкү шарттардын эске алууда эффективдүүлүк натыйжага ээ болот:

•Сабак күнүгө үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө;

•Сабак жагымдуу шартта өтүлүүдө;

•Балдардан иш-аракеттердин жана ыкмалардын так аткарылышын талап кылууда;

•Иш-аракеттер столго отуруп, же туруп алып аткарылууда;

•кандай сабак болбосун анын алгоритми баш мээнин жарым шарларынын иштешин активдештирүүчү жана алардын байланышын камсыздоочу бир нече көнүгүүлөрдүн топтомун камтышы шарт.

Комплекстүү мамиледе жана ар бир сабакта төмөнкү көнүгүүлөрдүн топторун колдонууну эске алуу керек:

•колдун манжаларынын майда моторикасын өнүктүрүүчү көнүгүүлөр;

•кыймылдын координациясын өнүктүрүүчү көнүгүүлөр;

•графикалык көндүмдөрдү жана чөйрөгө ориентир алууну өнүктүрүүчү көнүгүүлөр;

•эс тутумду, кабыл алууну, кунт коюунун ар кандай түрлөрүн өнүктүрүүчү көнүгүүлөр;

•дем алуу – координациялык көнүгүүлөр;

•көрүүнүн бузулуусун коррекциялоочу көнүгүүлөр;

•акыл операцияларын калыптандыруучу көнүгүүлөр.

Колдун манжаларынын майда моторикасын өнүктүрүү ыкмасы баланын кебинин, ой жүгүртүүсүн жана жалпы психикалык өнүгүүсүн шартточу негизги булак болуп саналат. Аталган жөндөмдөргө жооп берүүчү баш мээнин борбордук бөлүгү манжалардын иштеши жана нервдик учтар менен түздөн-түз байланышта. Татаал бузулуулары бар балдар тери сезүүсү, колдун майда моторикасынын иштеши төмөн болушат. Колдун булчундарынын аз кыймылдуулугунан улам колдор же алсыз, же өтө олдоксон болуп калат. Бул предметтик-практикалык жана кептик ишмердүүлүктүн деңгээлинде чагылат. Эгерде колдун манжаларынын кыймылдуулугу төмөн болсо, кептик өнүгүү кечеңдейт. Ошондуктан кептик өнүгүүнү стимулдаштыруу үчүн колдун манжаларын машыктыруу өтө маанилүү болуп саналат. Колдун кыймылын активдештирүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлгөндө гана көнүгүүлөр эффективдүү натыйжа берет. Чоподон жана пластилинден нерселерди жасоо колдун майда моторикасын өнүктүрүүгө өтө чоң таасир этет. Эгерде кыш мезгили болсо кардан киши жасоо ж.б., ал эми жайында болсо кумду суулап жана майда таштардан баткак менен чогу ийлеп жомоктун каармандарын жасоо пайдалуу. Төмөндө колдун майда мотрикасын өнүктүрүүгө карата бир нече методикаларды сунуштайбыз:

**Пластилинден үлүл жасоо**

**Максаты:** балдардын таанып-билүү процесстерин өнүктүрүү т.а., колдун манжаларынын майда моторикасын өнүктүрүү, жаныбардын касиеттери жөнүндө жалпылаштырылган элестөөлөрү, өңдөрдү ажыратуу, ар бир деталдын формасына, көлөмүнө карата ориентациясын калыптандыруу, ошондой эле ар бир бөлүүн жасоодо убакытты белгилөөдө убакытка болгон элестөөлөрүн да калыптандыруу.

Төмөнкү сүрөттө биз мектепке чейинки курактагы жана башталгыч мектепте окуган балдар менен плстилинден үлүл жасаганды үйрөндүк.

**Инструкция:** Үлүлдү жасоо үчүн бизге үч түстөгү пластилин керектелет: сары, ачык күрөң жана күрөң.




- Биринчи сары түстөгү пластилинди тоголоктоп алабыз, ал үлүлдүн башы болот.
-




- Андан соң сары түстөн сүйрү кылып тоголоктоп ичин жасайбыз.



- Кийинки этап үлүлдүн үйүн жасайбыз, аны жасаш үчүн ачык күрөң түс пластилинди биринчи сүйрү кылып андан соң ороп коебуз.



Андан кийинки этапта сары пластилинден тоголокчо жана узун кылып тоголоктоп аны бир аз ийебиз.



- Эми көзүн жасаш керек, аны үчүн биз ак жана кара түстөгү пластилинден кичине алып төрт тоголок жасайбыз. Ак түс көзү, ал эми кара түс кареги болот. Ал кичинекейирээк болгонуна байланыштуу, ак түстөгү тоголокторго бириктирип, үстүнөн бастырып жалпайтып коебуз.



- Акыркы этапта бардыгын бириктирип чыгабыз жана көзүн, оозун жасайбыз. Оозун жасоо үчүн биз кичинекей бычакты колдонобуз.



Жогоруда жасалган бөлүкчөлөрдү бириктиребиз, анын жыйынтыгында кичинекей үлүл жасалды.

**Пластилинден панда жасоо**

Кийинки биздин жасалга бул пластилинден панда жасоо. Панда жасоо үчүн бизге эки түстөгү пластилин керектелет: ак жана кара.



- Биринчи бизге башын жасап алуу зарыл. Аны үчүн ак түстөгү пластилинди тоголоктоп алабыз, бул панданын башы болот. Андан соң биз эки кичинекей кара түстөгү тоголок жасайбыз булар панданын көзүндөгү кара тактары болот. Көз тушту кичинекей бычак менен кичинекей чункурча жасайбыз жана ошол жерге кара тоголокторду бириктиребиз.



- Эми мурдун жасайбыз. Аны үчүн биз ак тустөгү пластилинден кичинекей чымчым үзүп алып, биринчи тоголоктоп андан соң үч бурчтуураак кылып форма беребиз жана аны чоң жагын ылдый каратып мурун тушка чаптайбыз.



- Көздү жасаш үчүн эки чымчым ак түстөгү пластилинди тоголоктоп алабыз жана ак түстөн кичирээк кылып кара түстөн эки тоголокчо жасайбыз. Андан кийин бириктирип коебуз, жана бир аз жалпактап коебуз. Ошону менен көз туштагы каранын үстүнө чаптайбыз.



- Эми көзүн, мурдун, жана кулагын бүтүрүү керек. Ал үчүн кара түстөн кулак жасайбыз, биринчи тоголоктоп алабыз эки чымчым кара түстөгү пластилинди, андан соң бир аз жалпайтып алабыз жана кулак тушка чаптайбыз.

-



- Денесин жасаш үчүн ак түстөгү пластилинди тоголоктоп коебуз.

- Бутун жасаш үчүн эки кара түстөгү пластилинди тоголоктоп жана бир аз четтерин жалпактап коебуз.

-



- Эми буту-колун жана денесин жасайбыз. Колун жасоо үчүн бизге кара түстөгү пластилинди сүйрү кылып форма берип алабыз, андан соң ал форманы бир аз жалпактап коебуз.



- Бардыгын бүткөн соң бириктирип чыгабыз.

- Жыйынтыгында бизде жакшынакай панда жасалды.

**Пластилинден ташбака жасоо**

Пластилинден ташбака жасоо ыкмасы. Ташбака жасоо үчүн бизге жашыл жана күрөң түстөгү пластилиндер керек. Биринчи жашыл түстөн биз алты тоголок жасап алабыз, бирөөсү чоңураак (денеси жасалат), экинчиси бир аз кичирээк (башы жасалат), калган төртөө бир өлчөмдө болушу керек (буттары жасалат).



Баардыгын тоголоктоп бүткөн соң, бириктирүү керек. Башын денесине бириктиребиз, андан соң тумшук жагын бир аз чоюп коебуз. Төрт бутун бириктирээрден мурун, буттарды бир аз чоюп жана таман жагын жалпайтып коебуз, андан соң денесине чаптайбыз.



- Эми панцырь жасайбыз. Панцырды күрөң түстөн биринчи тоголок жасап, андан соң тоголокту жалпайта баштайбыз. Жалпак болгон соң, панцырдын үстүн кичинекей бычак менен панцырга окшоштуруп узор чийип чыгабыз.



- Акыркы этапта ташбакага көз, ооз жасап чыгабыз. Ал үчүн эки чымчым ак түстөгү пластилинди тоголоктоп чыгабыз жана ак түстөгү тоголоктон да бираз кичинекей кылып кара түстөгү пластилинден эки тоголок жасайбыз. Актын үстүнө кара тоголокту бириктирип бир аз басып жалпайтып коебуз да, ташбаканын тумшуктан өйдө жагына чаптайбыз.

Бардык мүчөлөрү жасалып, бириктирилген соң ушундай ташбака болуп калат.

Баланын ишмердүүлүгүнүн негизин колдун майда булчуңдарынын так

кыймылы, кыймылдарды координациялоо ыкмалары түзөт. Артикуляциялык органдардын туура кыймылы оозеки кепти калыптандырса, ал эми көздүн кыймылы чөйрөгө туура оирентир алууну камсыздайт.



Демек балдардын майда моторикасын өнүктүрүү үчүн биз пластилинден көптөгөн кызыктуу жаныбарларды жасасак болот экен. Жогорудагы жаныбарларды жасоодо мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын колунун майда моторикасынын өсүп-өнүгүшүнө чоң жардам болот.



Пластилинди жашылчалар (кызылча, анар, пияз, турп) менен кошуп, чыгармачыл ойлоп табуучулуктун натыйжасында балдар ар кандай образдарды жасашты. Бул процессте баланын фантазиясы роль ойноп, бири-бири менен жарышып, педагогдун жардамы менен жасалды, алар биринин предметин бири толуктап, өз ара жардамдашуу менен коллективде иштешти.

**II. 2. Кептик бузулуулары бар балдар менен иштөөнүн жөнөкөй ыкмалары**

Балдардын гармониялык өнүгүүсү үчүн колдордун манжаларын машыктыруу боюнча ар кандай көнүгүүлөргө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Интеллектуалдык көнүгүүнү стимулдаштыруу үчүн кинезилогиялык көнүгүүлөрдү колдонууга болот. Изилдөөчүлөр О.И.Коваленко, Т.А.Воробьев, О.И.Крупенчуктун иштери колдорунун манипуляциясынын кептик өнүгүүгө, жогорку нерв системасынын функциясына болгон таасирин далилдешкен.

**Логопед Ч.Исакова иш үстүндө.**







Кептик бузулуунун түрү ротацизм («ро» грек тамгасынын аталышынан п.б.) «р», «р'» тыбыштардын кемчиликтерин билдирет. –Р- тыбышын айта албоо кемчилиги логопедияда эң кеңири таралаган түрү болуп саналат.

Бул жерде адис дислаликке зонддун жардамы менен артикуляциляык көнүгүүлөрдү жасатууда



Бул жерде да адис дислалия менен жабыркаган окуучу менен иш алып барууда. Логопедиялык ишмердүүлүктө зонд инструментин колдонуп, артикуляциялык көнүгүүлөрдү жасатууда. Айрым балдарда – **Р** – тыбышы бар, бирок жетишерлик нормада эмес, айтылышы туура эмес учурлар кездешет.



Окуучу баланын кебинде – Р – тыбышын айтууда кемчилик бар. Адис учурда «Ат чабуу» артикуляциялык көнүгүүсүн жасатууда. Мындай көнүгүүлөрдү үй шартында да логопеддин тапшырмасы менен бир нече жолу кайталоо талап кылынат.

**Р – тыбышын туура айтууга карата артикуляциялык көнүгүүлөр:**

**Ат чабуу көнүгүүсү –** ат чаап келе жаткандай кылып тилди таңдайга тийгизе такылдатуу зарыл, алдынкы ээк кыймылдабайт, бул көнүгүүнү логопад балага бир күндө бир нече жолу кайталатуу керек;

**Маляр көнүгүүсү** – жылмайып, оозду ачып, тил менен катуу таңдайды майлап жаткандай кыймылга келтирүү керек, тилдин кыймылы артка, астыга бир нече жолу жасоо зарыл;

**Селкинчек көнүгүүсү** – тилдин учун оοздон чыгарып биринчи мурунга чейин, андан кийин ээкке чейин жеткирүү керек. Көнүгүүнү бир нече жолу кайталоо сунушталат.

## II. 3. Инсандык өнүгүүдө бузулуусу бар балдар менен иштөө жолдору (Изотерапиянын психологиялык мааниси)

«Бул чындык! Бул жерде жашыра турган эч нерсе жок? Балдар сүрөт тартканды сүйүшөт, абдан сүйүшөт. Кагазга, асфальтка, дубалга, автобуста терезесине…» (Э.Успенский)

Сүрөт тартуунун алдында балдарга чыныгы обьект менен тааныштырып, анализдөөгө, предметти тегеректеп чийүүгө үйрөтүү зарылдыгы бар. Ошондой эле карандаш, кисти, бор, фломастер, маркерлерди колдонуу билгичтигин бекемдөө керек. Сүрөт тартууда темаларды ДМЧБнын макулдугу менен тандоо (мисалы: «Помидор жана бадыраң», «Кышкы пейзаж», «Сен жашаган үй», «Менин сүйүктүү күнүм» ж.б) да маанилүү.

Аяр категориядагы балдарга сүрөт тарттырууда традициялык эмес техникаларды колдонуу эффективдүү натыйжаларды берет:

- манжалар живописи;
- өңдөрдү аралаштырып тартуу;
- чекиттер менен сүрөт тартуу;
- пластилинография;
- свеча менен сүрөт тартуу;
- суу кагазга сүрөт тартуу;
- кляксография;
- монотипия;
- аппликация;
- коллаж ж.б. Төмөндө айрым техникаларды сунуштайбыз.

Изотерапия – терапиялык сүрөт тартуу методу. Сүрөт тартуу жалпысынан ички көзөмөл сезимин өнүктүрүүгө, ашыкча кыймылды азайтууга, көрүү жана кинестетикалык туюу менен иштөөгө шарт түзүп, балада күтүлбөгөн жерден пайда болгон чыгармачылык аркылуу өзүн-өзү таанууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, эстетикалык тажрыйбаны өнүктүрүүнү шарттап, анын өзүн-өзү анализдөөсү активдешет, изотерапияга катышкан мүчөлөрдүн ортосунда мамилелер жакшырып бири-бирин кабылдоо чөйрөсү түзүлөт, таанучулук процесстер өнүгөт, коркуу сезими жоюлат, тынчсыздануу деңгээли төмөндөп, сүрөттү диагностикалоо процесси жеңил өтөт (В.Е. Фолке, Т.В. Келлер, Р.Б. Хайкин, М.Е. Бурно).

Изотерапияны колдонууда төмөнкү тапшырмалар коюлат:

*баланын негизги өңдөр менен таанышуусу;

* баланын өңдөрдү аралаштыруунун жардамында алынган жаңы өңдөр менен таанышуусу;

* баланын ачык жана күңүрт өңдөрдү айырмалоосу.

Төмөндө сүрөт тартуунун бир нече ыкмалары сунушталат.

**1. Таянуучу чекиттер боюнча сүрөт тартуу**

**Максаты**: көз менен колдун өлчөмүн (координация) көнүктүрүү, сүрөт тартып жатканда колуна ишенүүнү, кыймылдын тактыгын өнүктүрүү, көңүл буруусун турукташтыруу, эрктүүлүктү бекемдөө.

**Инструкция:** Чоңдор болжолдуу нерсенин контурун чекит менен тартат да, балага толук сызыкчаны жүргүзүп сүрөттү бүтүрүүнү сунуштайт. Андан соң бала каалаган өң менен аны боёйт.



2. **Монотипия (Роршахтын тести)** – басма түрүндөгү графиканын түрү, психологияда монотипия техникасы балдардын кыялдануусун өнүктүрүү үчүн колдонулат. Мындай традициялык эмес методиканын жардамы менен каражаттын дааналыгын көрө алабыз (так экендигин, симметрияны, өңүн).

**Максаты**: кеч кабыл алган, же ашыкча дүүлүккөн аффективдүү балдардын эмоциялуу дүүлүгүүсүн басаңдатуу.

**Керектелүүчү материалдар:** Айнек, пластмасса доска, же ар кандай түстөгү катуу кагаз, (кисти) гуашь же акварель.


**Инструкция:** педагог балага барактын бир жак бетине түстүү такты тартууну сунуштайт, түстүү тактарды кагаздын экинчи бетине карай бүктөөдө окшош сүрөт түшүп калат (симметрия). Колду тегеретүү кыймылы аркылуу сүрөттү жылмалоо (бир учурда эки колу менен бирдей), аны ар тарабынан карап, образ жаратып сүрөттү аягына чыгаруу керек.

Төмөнкүдөй сүрөт тартылышы мүмкүн:




**3.Контурда сүрөттөлгөн предметтерди штриховкалоо**

**Максаты:** баланы контурдун багытына карай штриховка-лоону үйрөтүү, майда моториканы жана кыялданууну өнүктүрүү, баланын тынч абалын камсыздоо.



Эскертүү: предметтин  контурдук сүрөттөлүшүн тартканга болот. Гуашь колдонуу туура болот.

**Балдардын карама-каршы пикирлерин  гармонизациялоо**
**Тапшырмалар:**

1. Эмоцияларды билүүгө көнүгүү;
2. Эмоциялык абалды жоюу;
3. Нравалуулук элестөөлөрдү калыптандыруу;
4. Жүрүм-турумду оңдоо (коррекциялоо).

**4. Пиктограмма менен иштөө**

**Пиктограмма -** ( лат.бизче которгондо *pictus* —«тартылган», греч.бизче которгондо γράμμα —«жазуу» дегенди билдирет) объекттин, предметтин, же кубулуштун тааныла турган сапаттарын чагылдыруучу белгилер, ал көпчүлүк учурда схемалык түрдө болот. Бул методика психолог А.Р.Лурия тарабынан илимге киргизилип, ал диагностикалоо ыкмасы катары кеңири колдонулуп келет.

Төмөндө пиктограмманын **максаты:** баланын эмоциялык абалдарды түшүнүүгө жана өңдөрдүн жардамы менен образдарды ачууну үйрөтүүгө багытталат.



**Жинденүү** **Кайгыруу** **Кубануу** **Коркуу**

Эмоциялык абалдар менен балдар таанышып, кийинки этапта балдарга төмөнкүдөй суроолор берилет:

•Чоң кишилердин арасынан кимдер жагат?

•Сен көбүнчө кандай маанайда болосуң?

•Сенин апаң жана атаң көпчүлүк учурда кандай маанайда болушат?

**Инструкция:** балага дененин пиктограммасын аягына чыгаруу, өз көз карашында пиктограммага жараша эмоциялык абалдарды, кийимдерин ар кандай түстөгү карандаштар менен боё аркылуу көрсөтүү сунушталат.

**5. Баланы эки маанидеги карама-каршы, бирок бири-бирин шарттап, толуктап турган (полярдык) түшүнүктөрдү чагылдыруучу образдарды жана предметтерди боёсу.**

**Максаты:** баланын эмоциялык абалын текшерүү, өзгөчөлүктөр жана образдар менен өңдөрдү шайкеш келтирүү аракеттерин өнүктүрүү.

**Иштин жүрүшү:** педагог балдарга сүрөттөрдү боёну сунуштайт:

•Ак көңүл адамды - каардуу адамды;

•Тили бар канаттууну - тили жок канаттууну;

• Жамынып жатып жакшы түштөрдү көрө турган чатырчаны;

•Жамынып жатып жаман түш көрө турган чатырчаны тартуу.

**Эскертүү:** бардык сүрөттөрдүн үлгүлөрү мурда чоңдор тарабынан тартылып, даяр болушу шарт.

**6. Белгилүү темалар боюнча сүрөт тартуу**

**Максаты:** балдарга карама-каршы түшүнүктөрдү са-лыштырууну үйрөнүүсүн калыптандырып, эмоциялык абалын бере билүүгө көнүктүрүү.

**Сүрөт тартуу үчүн темалар:**

А) Жагымдуу – жагымсыз;

Б) Кубаныч – кайгы;

В) Көңүлдүү – көңүлсүз;

Г) Жакшы – жаман;

Д) Ийгилик – жол болбоо.

**7.Чөйрөгө болгон көз карандылыкты жоюу, оңдоо (коррекция)**

**Тапшырмалар:**

1. Балага пикир алышуунун жаңы формаларын үйрөтүү (чоңдор – бала).
2. Баланын өзүн ишенимдүү сезүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү.
3. Өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтүү.

А) **Пуантилизм** (фр. *Pointillisme,* «точечность»,фр. *point* — чекит), **–** манжалар живописи 1886-жылы Францияда Жорж Серанын сүрөткө болгон кызыгуусунан улам пайда болгон. Бул метод баланын кыялдануусун өнүктүрүүгө көмөктөшүп, чыгармачылыгын арттырат. Кенже мектеп куракта бул методду кеңири колдонууга болот.

**Максаты:** баланы өз алдынча образ түзүүгө үйрөтүү, тарткан сүрөтү тууралуу пикирлешүү, жаңы образга ат коюу менен ал жөнүндө кеңири

айтып берүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүү.

**Инструкция:** Педагог балдарга бир сөөмөйү же таякчанын жардамы менен түстүү чекиттерден турган бир предметти тартууну сунуштайт.



Бул сүрөттө педагогдун сунуштоосу менен бир нече дарактарды тартты. Мында баланын сүрөтүндө чектөөчү сызыктар, каталарды ондоо учурлары эске алынбайт. Окуучу бала өз элестетүүсүнө карата каалагандай боеп, өзүнө ылайык манжаларын колдонуу менен тартып чыкты. Педагог сүрөткө ат коюуну сунуштаганда «Жаз мезгили» деп атады.



Бала колун краскага малып иштөөдө анын касиеттерин: коюлугун, суюктугун сезип, жаңы өңдөр менен таанышат. Жогорудагы сүрөттө окуучу кыз манжалары менен белгисиз бир образды жаратты. Ал сүрөт тартуу процессинде бардык өңдөрдү колдонууга аракет жасап, тарткан сүрөтүнөн канаттануу алды.

Б) **Кляксография** – сүрөт тартуунун традициялык эмес методу, жиптерди ар түрдүү өңдөгү тушь же гуашка салып, алардын жардамы менен сүрөт тартуу ыкмасы (Парамонова Л.А). «Клякса» - сыя тамчысы дегенди билдирет.

**Максаты:** баланын образды көрө билүү жөндөмүн, өз алдынчалуулукту жана образ түзүү чыгармачылыгын өнүктүрүү.

**Материал:**

альбомдун эки барагы;

тушь же суюк эзилген гуашь;

боектор үчүн тарелкалар;

пластмасса кашыктар;

кайчы;

орточо жоондуктагы жиптер;

кагаз же материалдан аарчыгычтар (салфеткалар)

**Иштин жүрүшү**



1. Алгач бизге керектүү материалдарды даярдап алабыз, алар: тарелка, жиптер, кайчы, салфетка, кашыктар, гуашь




2.Ар кандай түстөгү гуашты тарелкаларга куябыз




3. Жипти кашыктын жардамы менен тарелкадагы боёкко салып, аны сыгабыз, жиптин экинчи учун колубуз менен кармайбыз.




Кагазга жип менен түшүрүлгөн сүрөттүү коёбуз, жиптин экинчи жагын бош коёбуз.



Канча гүл тарткыбыз келсе бир нече жолу кайталап жиптерди кагазга коебуз. Жиптерди боёк кургап кала электе тез-тезден коюу керек.



Таза баракты алып, жиптер коюлган сүрөттөрдүн үстүнө коюп, колубуз менен акырын басабыз.



Жиптин аягын баарын бириктирип кармап, үстүнкү кагазды басып туруп жиптерди тез тартып алуу керек.

Өз каалоосу менен сүрөттүн деталдарын толуктап тартып, чаптаса болот (вазаны, жалбырактарды).



Мугалим жогорудагы үлгүлөрдү карап, балага жипчелерди кагазга коюп, алар аркылуу жаңы образды жаратып, боёктордун агып, боёлушуна мүмкүнчүлүк берип, тартылган жаңы образга ат ойлоп табууну



сунуштайт.
Бул сүрөттө 2-класстын окуучусу вазадагы гүлдү тартты

Традициялык эмес методдорду колдонууда сүрөт тартуу жана сүрөттөрдү бое дагы ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген бадар үчүн сүйүктүү иштеринин бири болуп саналат. Ошондой эле аппликациядан ар кандай геометриялык фигураларды кайчы менен кесүү, коздуктарды салуу, ар кандай нерселерди жасоо да балдардын кызыгуусун арттырып, жалпы өнүгүүгө чоң таасир тийгизет.

Жаратылыш материалдарынан: самандан, тобурчактан, чыбыктан нерселерди жасоодо баланын колунун майда моторикасы менен бирге фантазиясы, кыялдануусу да өнүгөт.

Топчуларды топчулукка топчулоо, кнопкага, илгичке киргизип, кайра чыгаруу да колдун манжаларына таасирдүү көнүгүүлөр болуп, балада шамдагайлык калыптанат. Лента, боолорду байлап, кайра чечүү да майда моториканын өнүгүшүн шарттайт.

Топчуларды, шуруларды жипке тизүү, горох, гречка, күрүчтөрдү бир идишке салып, баланы кайра бөлүп чыгуусун сурануда анын колунун майда моторикасынын өнүгүүсүнө чоң түрткү болот. Жогоруда келтирилген көнүгүүлөрдүн топтомун колдонууда, биринчиден, мектеп жашына чейинки курактагы балдардын окууга болгон даярдыгы, тактап айтканда жазууга даярдыгы камсыздалса, экинчиден, балада көркөм табит пайда болуп, үчүнчүдөн физиологдордун айтуусу боюнча колдун майда манжаларынын талапка жооп берерлик деңгээлде өнүгүүсү баланын интеллектуалдык өнүгүүсүн камсыздайт. Жогорудагы көнүгүүлөрдү аяр категориядагы балдар кызыгуу менен аткарышып, ар бир ийгилиги аларды кубандырат.

Сүрөт тартуунун традициялык ыкмалары жана техникалары кистинин жардамы менен тартууну талап кылат. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн бул методикалар татаал болот. Эгерде бала сүрөтүн эстетикалык жагдайда өзү каалагандай тарта албай калса, анда сүрөткө болгон терс эмоционалдык мамиле пайда болуп, андан кийинки иш-аракетинде өзүнө ишене албайт. Бул проблеманы чечүү максатында сүрөт тартуунун традициялык эмес методун колдонууга болот. Алар сүрөттү кисти менен эмес, колу, алаканы, муштуму, колдун кыры менен тартса

болот. Бала колун краскага малып иштөөдө анын касиеттерин: коюлугун, суюктугун сезип, жаңы өңдөр менен таанышат.



Бул сүрөттү тарттырууда педагог традициялык методду колдонду. Окуучу кыз кистинин жардамы менен жылдызча тартууга аракет кылды.



Жылдызчаны боёп жаткан учурда чектерден боёктор ашып кетүүдө окуучуда тынчсыздануу пайда болуп, аны чыгарбай боёго аракеттенди, бирок бул сүрөттү тартып бүткөнчө кайгыруу сезими коштоду. Өз сүрөтүн ассоциациялоого үйрөтүү аракеттери болду.



Бул сүрөттү 2-класстын окуучусу өтө кызыгуу менен тартты. Сүрөттө көргөн мультфильмин каармандарды элестетүү менен образдарды так, даана тарта алды. Сүрөт тартуу процессин педагогдун жагымдуу маанайы коштоду. Сүрөт тартуу үлгү боюнча жана үлгүсү жок болуп бөлүнөт. Бул сүрөттөр үлгүсү жок элестетүүнүн жардамы менен тартылды.

## Пластилин живописи

**Максаты:** баланын өзүнө болгон ишенимди, чыгармачылык кыялдануусун, эстетикалык сезимин тарбиялоо, коркуу сезимин басаңдатуу, колдун кыймылын, майда моториканы өнүктүрүү.

**Материал**: 15-20 см өлчөмүндөгү картон кагаз, пластилин, айнек.





Пластилин живописинде бармак жана сөөмөй менен иштөө ыңгайлуу. Айнектин кесиндисинин да четтери колду кесип кетпегендей болуп, чоңдор дайыма көзөмөлдөп туруусу керек. Сүрөттүн фонун даярдоодо да пластилин колдонулуп, аны төшөөдө ашык жерлери айнек менен тыкан кесилет. Андан кийин гүлдүн сүрөтүн түшүрүүдө өңдөрдү бири-бирине кошуп иштөө да баланын фантазиясынан көз каранды болот. Бала бүткөн сүрөттү фурнитуралар (шуру, лента, бисер ж.б.) же башка кооздоочу нерселер менен кошумчалашы да мүмкүн. Балада пластилин менен иштөө чеберчилигинин өнүгүшү келечекте сүрөт тартууга болгон жөндөмдүүлүгүнүн ойгонушуна негиз боло алат. Пластилин менен ийленип жасалган гүлдү атайын көргөзмөгө, же класстын атайын бурчуна, же үйдө бөлмөнүн бурчуна коюп коюуда бала өз ишине канааттануу менен эстетикалык сезими байып, өзүнө болгон ишеним сезими артып, өзүн-өзү адекваттуу баалайт.

**Тынчсызданууну жоюу, оңдоо (коррекциялоо)**
**Тапшырмалар:**
1. Өзүнө болгон ишенимди тарбиялоо.
2. Эмоциялык оордукту жоюу.
3. Коркунучту жоюуга жардам берүү.
4. Тынчсызданууну төмөндөтүү.
5. Терс кайгырууларды жеңүүгө жардам берүү.

Пластилин менен иштөөнүн ыкмаларын үйрөтүү, алгач аларды бөлүп-бөлүп таштап, аларды кайра ийлетип, түздөтүп, тологок жана жалпак

формаларды жасатуу менен колдун тери туюусун камсыздап, андан соң баланын үлгүгө карата жасаган нерсесинин ийгилигин байкоого болот.

### II. 4. Кагазды бурап нерселерди жасоо техникасы (Айрис-фолдингдин техникасы)


**Максаты:** баланын ашыкча тынчсыздануусун басаңдатуу, кыялдануусун тарбиялоо, эстетикалык сезимин байытуу, чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү.

**Материал**: түстүү кагаздар, сүрөт, скотч.

**Инструкция:** Алгач жөнөкөй сүрөт тандалып, же өз алдынча тартса да болот, ага белгилүү бир деңгээлде дал келүүчү геометриялык форма тандалат. Форманын үстүнө түстүү кагаздардан кесилип, буралган кагаздар биринчи чоң көлөмдүүсү, андан кийин улам кичирээк буралганы скотч менен чапталат. Натыйжада оригиналдуу, кооз сүрөт  пайда болот. Бала иш үстүндө өзүн жеңил, тынч абалда сезиши мүмкүн, анткени процесс өтө кызыктуу жүрүп, анын кызыгуусун арттырат.  Мындай өз колу менен,  чыгармачылык менен ойлонулуп  жасалган образдуу сүрөттүн макетин балдар бири-бирине белек катары тартууласа болот.










Жогоруда бала бакчада мектеп жашына чейинки курактагы балдардын тарбиячынын жардамы менен кагазды бурап,  жасалган нерселер.

**«Мени кайтала»** көнүгүүсү
Материал: педагогдо жана ар бир балада бирден резинка бар.
тапшырма: педагог резинканы бир манжасына кийгизип, балдарга көрсөтөт, балдар аны кайталайт.
Татаалдаштыруу варианттары:
- убакыт чектелүү;
- педагогдо 2, 3 резинка, үлгүнү көрсөтүп берүү убактысы да чектелүү;
- резинканы кийгизүү аталган манжага гана кийгизүү керек;
- педагогдун ролун окуучу аткарып, бири-бирине өткөрүлөт.

## II.5. Элдик дидактикалык оюндар жана традициялык эмес техникалар аркылуу чыгармачыл жөндөмдү калыптандыруу

### а) Чий куурчак жасоо техникасы



Ар бир улутта куурчактар жасалып, кыргызда “Чий куурчак” деп аталган. Ал үчүн кайчы, таякчалар, байлоо үчүн жип, көйнөгү, жоолугу үчүн кездеме, куурчактын бетин жасоо үчүн картон, чачын жасоо үчүн тытылган жүн, тигүү үчүн ийне-жип керектелет. Куурчактын көзүн, кашын, оозун, мурдун гуаш менен кистинин жардамы менен чийип тартабыз. Айрым учурда көзүн, ооздорун саймалап да коюшат, айрымдар шуруну тигип жасашат. Кыздар мындай куурчак жасоого өтө кызыгышат. Анткени, алар өзүнүн жасаган куурчагы менен ойноого, аны менен сүйлөшүүгө ашыгышат. Бул ыкманы 4-класстын окуучу кыздары педагогдун жардамы менен жасай алат.



Бул чий куурчакты жасоо үчүн кийиз, жүн, топчу, ийне-жип, таякча, көйнөгүн жасоо үчүн кездеме керектелет.





Башталгыч мектепте класстан тышкаркы сабакта чүкө ойноо, аларды тизүү, чүкөнү өкчөө ыкмасы да балдардын колунун манжаларынын майда моторикасын өнүктүрүүгө жардам берет. Мындай улуттук оюндарды ойнотуунун негизинде патриоттуулук сезим калыптанып, майда моторика өнүгүп, кыргыздын улуттук баалуулуктарына болгон кызыгуу сезими ойгонот.



Кол эмгек сабагында чүкөлөрдү боё дагы балдар үчүн маанилүү, аларды өңдөрү боюнча бөлүшүп, жарышып ойноо кызыктуу болот.



Өсүмдүктөрдүн данын да чыгармачылык менен колдонуп кол эмгек сабагында, же ийримдерде балдарга ар түрдүү нерселерди жасатууга болот. Бул сүрөттө ар кандай өсүмдүктөрдүн данынан (гречка, буурчак, сулуу ж.б) павлин жасалган.



Бул сүрөттө кургатылган гербарийлерден, тобурчак, таш, карагайдын жалбырагы, жыгач, чөптөрдөн үй жана анын айлана тегереги кооздолуп жасалган. Бул да ДМЧ балдардын коллективдүү иш-аракетинин жыйынтыгы болуп саналат.

## Корутунду

Мектепте инклюзивдик билим берүү системасы ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген баланын жашоосунун өзгөрүүсүнө, жаңылануусуна алып келет. Бул процессте башталгыч мектепте сабактарды чыгармачыл жөндөмдүүлүктү калыптандыруу багыты окуунун ички стимулун активдештирүүнү камсыз кылат.

Чыгармачыл ишмердүүлүк процессинде ДСМЧБдын инсандык баалуулуктарын сезүүсү күчөп, социалдык байланыштар активдешип, ички көзөмөл сезими пайда болот. Чыгармачылык ички кыйынчылыктарды, кайгырууларды жеңүүгө да жардам берет.

Бул максатта аталган практикалык колдонмодо окуучунун жөндөмдүүлүгүн шарттоочу негиздер, мектеп жашына чейинки жана кенже мектеп куракта колдун манжаларынын майда моторикасын өнүктүрүү методдору, изотерапиянын психологиялык маанисин белгилөөдө сүрөт тартуунун традициялык жана традициялык эмес техникалары (кляксография, пластилин живописи ж.б), аларды колдонуу, аткаруу ыкмалары берилди. Ошондой эле ДМЧБдын жалпы билим берүү системасына жаңыдан кирүүдө мектеп дезадаптациясына кабылып, баладагы кооптонуу сезиминин пайда болушу, аларды жоюуга карата психологиялык жактан коррекциялоо жолдору да бул багыттагы адистердин эмгектерин пайдалануу менен иштелип чыкты. Айрыкча чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүнүн таасиринде угуусу, көрүүсү начар жана кебинде бузулуулары бар балдардын психикалык жактан өнүктүрүүгө карата көнүгүү, оюндарга жана мектеп кооптонуусунун пайда болуу себептери жана аны алдын алуу жана жоюунун жолдорун камсыз кылуучу психологиялык көнүгүү, тапшырмалар, методикалык сунуштарга басым жасалды.

Бул окуу-методикалык колдонмодо балдардын сүрөт тартуу жөндөмүнө карата методдор берилип, аларды баланын психикалык өнүгүүгө тийгизген таасирин баса белгилөө да негизги максаттардын бири болду.

Изотерапиянын бүгүнкү заманбап инклюзивдик билим берүүнүн окутуп, тарбиялоо формаларында кеңири жайылтылышы да ДМЧБдын психикалык жактан өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Жогоруда каралган чакан иштердин топтому методикалык жактан камсыздоону толук камтыбаса да, ДМЧБ менен алектенген адистерге, башталгыч класстын мугалимдерине, бала бакчанын тарбиячыларына жардам боло алат деген ойдобуз.

## Колдонулган адабияттар:

1. Выготский Л.С. О развитии речи глухих // Дефектология. - 1994. - № 4. - С.91-93.
2. Горшкова А.А., Шматко Н.Д. Организация коррекционной работы с глухими и слабослышащими дошкольниками, воспитывающимися дома // Дефектология. - 1991. - № 5. - С.84-86.
3. Грегг М.Е. Тайный мир рисунка. – СПб., 2003.
4. Истратова О.Н. Практикум по детской психокоррекции: игры, упражнения, техники. –М.: 2008.
5. Кравцова Е.Е. Разбуди в ребенке волшебника. – М.: 1996.
6. Лурия А.Р. Основы нейропсихологии.:Москва, 1973г.
7. Патлах В.В. «Энциклопедия. Технологий и методик». – М.: 1993-2007гг.
8. Парамонова Л.А. Детское творческое конструирование. – М.: 1999.
9. Обухова Л.Ф. Возрастная психология: Учебник для вузов. – М.: Высшее образование; МГППУ, 2006. – 460 с.
10. Основы специальной психологии: Учеб. пособие для студ. сред. пед. учеб. заведений / Под ред. Кузнецовой Л.В. – Москва: Академия, 2003. – 480с.
11. Развитие мелкой моторики Упражнения с палочками, монетами, четками, карандашами, мелкими предметами (И.В.Ганичева Телесноориентированные подходы к психокоррекционной и развивающей работе с детьми. М.: Книголюб, 2004.)
12. Речитская Е.Г. Готовность слабослышащих детей дошкольного возраста к обучению в школе. - М., 2000.
13. Матвеев В.Ф. Психические нарушения при дефектах зрения и слуха. - М., 1987.
14. Методические рекомендации по работе с детьми с ограниченными возможностями в условиях дошкольной образовательной организации. Под ред.С.С.Мамбетовой.: Бишкек, 2015г.
15. Нейропедагогикалык иштердин методдору, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен. (инклюзивдүү класста колдонуу). Коллективдүү басылма. Романова Т.Н., Джумагулова Г.: Бишкек, 2020-ж.

16. Жукова Н.С. и др. Логопедия. Преодоление общего недоразвития речи у дошкольников: Кн. для логопеда /Н.С. Жукова, Е.М. Мастюкова, Т.Б. Филичева. — Екатеринбург: Изд-во АРД ЛТД, 1998. — 320 с. (Серия «Учимся играя»).

17. Ушакова О.С. Развитие речи дошкольников. — М.: Изд-во Института Психотерапии, 2001. – 256 с.

18. Филичева Т. Б. и др. Основы логопедии: Учеб. пособие для студентов пед. ин-тов по спец. «Педагогика и психология (дошк.)» / Т.Б. Филичева, Н.А. Чевелева, Г.В. Чиркина. — М.: Просвещение, 1989.—223с.

19. Филичева Т.Б. Особенности формирования речи у детей дошкольного возраста. Монография. – М., 2000. – 314 с.

20. Филичева Т.Б., Чевелева Н.А. Логопедическая работа в специальном детском саду. – Москва.: Просвящение, 1987. – 142.

21. Фролова А.С., Таринская Т.А. Дифферанциальная диагностика дислалии и нарушения звукопроизношения при дизартрическом компононте у детей дошкольного возраста //Образование и воспитание. – 2018. №1. – С. 72-76.

## Глоссарий

***Адаптация*** – ( лат.т. Adapto – ылайыкташам) - адамдын табигый физиологиялык, психологиялык жактан жаңы жашоого, жаңы айлана – чөйрөгө организминин ыңгайланышуусу.

***Аутизм*** – ( греч.т. auto – өзүм) – терминин илимге швейцариялык психиатр жана психолог Э. Блейлер (1857–1939) киргизген. Коомдон алыстоо, өзүнө бекинүү, ой жүгүртүүнүн аффективдүү керектөөлөргө баш ийүүсү.

***Аң-сезим*** – адамдын психикасынын эң жогорку өнүккөн чеги, чындыкты чагылдыруунун эң жогорку формасы, сырткы материалдык дүйнөнүн баш мээде чагылышы.

***Ауторелаксация*** – булчуңду бошотуу, эс алдыруучу аутогендик машыктыруу ыкмалары.

***Атайын билим алуу муктаждыктары*** – окуучулардын муктаждыктары, аны канааттандырууда атайын билим берүү кызматтарын көрсөтүү менен атайын шарттарды жана чөйрөнү түзүү, атайын билим берүү технологияларын колдонуу талабы.

***Атайын билим берүү шарттары*** – жеткиликтүү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү, маалыматтык-коммуникациялык ресурстарга жетүүнү, атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларга педагогикалык, медициналык, социалдык жана башка түрдөгү жардамдарды, ошондой эле зарыл учурда билим берүүнүн техникалык каражаттарын берүүнү камсыз кылган шарттар.

Билим берүү программасы – белгилүү бир мезгилге эсептелген билим берүү тармагынын келечегин айкындап көрсөтүүчү мамлекеттик нормативдик документ. Ал өз ичине кандайдыр бир максат коюп, ошол максатка жетүүнүн ресурстарын, мөөнөтүн, аткаруучуларын жана аткаруу жолун аныктайт.

***Гармония –*** ички жан дүйнө менен сырткы жүрүм-турумдун шайкеш келиши, жагымду абал.

***Дискриминация*** – (лат.т. discriminatio «айырмалайм») — адамга терс мамиле жасоо, басынтуу, айрым бир белгилерден улам анын укугунан ажыратуу.

***Даун синдрому*** – (башкача трисомиянын синдрому 21 хромосомалар же Даун синдрому), негизги белгилерге: акылынан артта калуусу, булчуң гипотония жана көздөрүнүн жылчыкчаларынын монголоиддик кесилиши, катарактасынын, Брушфильддин тагынын (оболочкасынын ички жана үчтүн ортосунун чек арасында борбордун ак түсү), кылыр көз, чечекейинин жана көздүн сыртындагы тунук оболочкасынын, семиз эриндер, бороздо менен семиз тил, мурундун спинкасынын жалпак, тар таңдай, кулак калкандары деформацияланган, моюнунда теринин көп болушу, сөөктөрдүн бош болуусу, алаканынын туурасынан кеткен сызыгы, колдорунун чыпалагынын тыгыздалышы кирет.

***Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген бала (ДСМЧ)*** – билим берүү программаларын өздөштүрүүгө жолтоо болгон денелик жана психикалык жетишпестиктери бар бала.

***ДЦП балдар (балдардын шал оорусу) –*** Балдардын шал оорусу – баланын түйүлдүк кезинде баш мээсинин жабырланышы, мотордук өнүгүүнүн, кыймылдын бузулуусу. Кыймылдын бузулушу сүйлөө речтин кечеңдеши, психикалык өнүгүүнүн тормоздолушу менен коштолот.

***Жекече (индивидуалдуу) окуу планы*** – конкреттүү окуучунун билим алууга болгон керектөөлөрүн жана өзгөчөлүгүн эске алуу менен билим берүүчүлүк программанын негизинде түзүлгөн план.

***Жөндөмдүүлүк компенсациясы –*** адамдын өзүндөгү жөндөмдүүлүктүн өтө тездик менен өсүшүнүн эсебинен бир жөндөмдүүлүктүн ордун экинчи бир жөндөмдүүлүк менен толтуруу.

***Инсан*** – коомдо алган орду бар, коомго пайда келтирген, өз жоопкерчилигин акыр аягына чейин жеткирүү, өз жүрүм-турумун башкара билүү жөндөмүнө ээ аң-сезимдүү индивид.

***Инклюзия*** – англис тилинен которгондо "кошуу" дегенди түшүндүрөт. Ар бир баланы билим берүү процессине жана билим берүү уюмунун жана жалпы эле коомчулуктун/коомдун жашоосуна кошуу, атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларды билим берүү жана социалдык-маданий жашоодон чыгарууну алдын алуу.

***Инклюзивдик билим берүү*** – балдардын аяр категориясы, ошондой эле ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн дагы билим

берүүнүн жеткиликтүүлүгүн алардын окуусу үчүн шарттарды түзүүнү эске алуу менен камсыз кылынган билим берүү.

***Инклюзивдик чөйрө*** – ар кандай билим алуу муктаждыктары бар окуучулар анда өздөрүн ыңгайлуу сезип, билим берүү процессине толук катышкан билим берүү чөйрөсү.

***Инклюзивдик маданият*** – кабыл алган коомчулуктун коопсуздугун түзүүгө багытталган топтун ар бир мүчөсүнүн бааланышы.

***Интеграция*** – (латын тилинен бизче которгондо «бүтүн, кайра түзүү, толуктоо» дегенди билдирет), социалдык топ менен анын өз ара аракетин камсыз кылган социалдык топтун курамына адамды киргизүү.

***Инфраструктура*** – территориядагы жашаган үйлөр, административдик жана башка имараттар, жөө жүрүү тратуарлары, машина жолдору, коомдук транспорттор, техникалык каражаттар.

***Ишмердүүлүк*** – коомдун талабы жана адамзаттын тажрыйбасы менен жөнгө салынуучу адамдардын атайын активдүүлүгү; иш-аракетти ички маңызына чейин жеткире түшүнгөн максат менен жөнгө салынуучу адамдардын ички (психикалык) жана сырткы (физикалык) активдүү мамилесинин бөтөнчө формасы.

***Интеллект*** – адамдын таанып билүү ишмердүүлүг, анын жекече ой жүгүртүүсү.

***Кунт коюунун концентрациясы*** – кандайдыр бир обьектиге, же анын касиетине назар салуу менен аң-сезимдин топтолушу, толук ага багытталышы.

***Кабылдоо –*** көңүлдүн бир обьектиге топтолушу

***Кайталанган ык*** – эске түшүрүүнүн эрежелерине жана өзүнүн билимдерине таянбастан, автоматташтырылган адаттарга негизделген ыкма.

***Коррекциялык система*** – баланын психикалык жана дене жагынан өнүгүшүндөгү кемчиликтерди жоюуга же оңдоого багытталган педагогикалык-психологиялык иштердин системасы.

***Кызыгуу*** – чыныгы предметтер менен кубулуштарды таанып-билүүгө карата жеке адамдын (баланын) алган багыты; эмоционалдуулукка жана турмуштук маанилүү күчкө ээ болгон обьектиге карата адамдын тандалмалуу мамилеси.

***Көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүү*** – ички баамдагыч аракетти образ менен бириктирүүнүн жардамында жаралган ой жүгүртүү.

***Лабилдүүлүк*** – кыймылдуулук, оперативдүүлүк.

***Мотив*** - табигый жана социалдык чындыкка карата болгон адамдын мамилесинен улам байкалуучу жана адамдын максатка умтулган иш-аракеттерин аныктоочу психикалык шарттар.

***Мотивация*** – жүрүм-турумду ички, психологиялык жана физиологиялык башкаруунун динамикалык процесси, жүрүм-турумдун уюштурулушу, багытталышы, колдоосу жана түрткү берүүсү.

***Мотивдердин иерархиясы*** – азыраак түрткү бергени көбүрөөк түрткү бергенине баш ийүүчү адамдардын жүрүш-турушуна түрткү берүүчү күчтөрдүн системасы.

***Методика*** – фактыларды жыйноонун конкреттүү, тактикалык ыкмасы (ал изилдөөчүнүн иштөө шарттары, изилдөө обьектисинин өзгөчөлүгү.

***Нравалык сезим*** – белгилүү коомдо жашаган адамдардын жөнгө салынган мамилелери, адептүүлүктүн нормалары жана принциртери менен шартталган жүрүш-туруш.

***Невроз*** – нервдик бузулуу.

***Психолого-медико-педагогикалык комиссия (ПМПК)*** – диагнозду, бузулуунун жалпы структурасын, индивидуалдуу мүнөздөмөсүн, педагогикалык методдорду аныктоочу комиссия.

***Трансформация*** – кандайдыр бир форма, ыкма, структураны өзгөртүү, ишмердүүлүктүн максаттуу багыттуулугун өзгөртүү.

***Ой жүгүртүү*** – чындыкты түздөн-түз чагылдыруу жана жалпылаштыруу процессинде, аны анализдөө жана синтездөөдө социалдык шарттар жана речь менен ажырагыс бирдикте байланышкан психологиялык процесс.

***Оюн ишмердүүлүгү*** – коомдук түрдө шартталган биргелешкен иш-аракеттин өзгөчө түрү, ар кандай кырдаалдардын моделдештирилиши.

***Окуу ишмердүүлүгү*** – окутуу жана тарбиялоо максаттарынын ишке ашырылышына аң-сезимдүү түрдө багытталган окуучунун өзгөчө ишмердүүлүгү.

***Окутуунун методу*** – өзүн-өзү же башка адамды илимий иштин же

тигил же бул тармагына кантип үйрөтүүгө боло тургандыгы жөнүндөгү маселелерди камтыган принципиалдуу, б.а, башкы жана негизги теориялык жоболордун жыйындысы.

***Сензитивдүүлүк*** – психиканын белгилүү касиетинин өнүгүшү үчүн сезимталдуулуктун пайда болушу.

***Субьект*** –аң-сезимге ээ, эрктүү, максатка умтулуу ишмердүүлүгүн ишке ашырууга, айлана-чөйрөнү өзгөртүүгө жөндөмдүү жеке адам.

***Фобия*** – психоздун кээ бир түрлөрүнөн байкалуучу коркуу абалы.

***Эмоция -*** адамды курчап турган реалдуу кубулуштарга, заттарга болгон субьективдүү мамилеси (толкундоо, козголуу).

***Эрк*** – максатка жетүүдөгү тоскоолдуктарды жеңүү үчүн зарыл болгон ишмердүүлүк менен коштолуучу аң-сезимдүү аракеттер.

***Эстетикалык ишмердүүлүк*** – коздукка, сонундар дүйнөсүнө болгон сезимдердин аракети.

## МАЗМУНУ

Киришүү………………………………………………………….....  3
I. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар – жалпы билим берүү системасында.........................................................  4
I. 1. Аяр категориядагы балдарды окутуп, тарбиялоонун айрым маселелери…………………………………………………………  4
I. 2. Көрүүсү начар балдарга жалпы түшүнүк жана алар менен иштөөнүн жолдору…………………………………………………  8
I. 3. Угуусу начар балдарга жалпы түшүнүк жана алар менен иштөөнүн жолдору…………………………………………………  10
I. 4. Кептик бузулуу жана кебинде бузулуулары бар балдар менен иштөө жолдору……………………………………….  11
II. Практикалык бөлүм…………………………………………  15
II. 1. ДСМЧБдын чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу……………………………………………….  15
II. 2. Кептик бузулуулары бар балдар менен иштөөнүн жөнөкөй ыкмалары……………………………………………………  23
II. 3. Инсандык өнүгүүдө бузулуусу бар балдар менен иштөө жолдору. Изотерапиянын психологиялык мааниси………………  25
II. 4. Кагазды бурап нерселерди жасоо техникасы………………  34
Айрис-фолдингдин техникасы…………………………………......  34
II. 5. Элдик дидактикалык оюндар жана традициялык эмес техникалар аркылуу чыгармачыл жөндөмдү калыптандыруу..........  36
Корутунду.........................................................................................  39
Колдонулган адабияттар..................................................................  40
Глоссарий..........................................................................................  42

**Байтикова Т.А., Исакова Ч.Б., Каныбекова А.К.,**
**Мусаева А.А., Кумарова Н.К.**

**Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдору**

**окуу-методикалык колдонмо**

Редактор: Жакыпова Ч.
Компьютердик калыпка салган: Жумашева Ж.

Басууга 13.11.2020-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Форматы 62х84 $^{1/16}$
Нускасы 100 даана.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун басма полиграфиялык комплекси.
Каракол шаары, Тыныстанов көч 103
Тел.: 0779 23 26 27